DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Урайымова Г.М., Мадумарова М.К., Турдумаматова Ч.С.*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ АДЕП-АХЛАК ИДЕЯЛАРЫН ТАРБИЯЛООНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫНДА КОЛДОНУУ

*Урайымова Г.М, Мадумарова М.К., Турдумаматова Ч.С.*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ НРАВСТВЕННЫХ ИДЕЙ В ЭПОСЕ «МАНАС» КАК СРЕДСТВО ВОСПИТАНИЯ

*G. Uraiymova, M. Madumarova, Ch. Turdumatatova*

# THE USE OF MORAL IDEAS IN THE EPIC «MANAS» AS A MEANS OF EDUCATION

*УДК: 37.034(82-131)*

*Бул макалада «Манас» эпосундагы адеп-ахлак идеялары ачып көрсөтүлгөн жана ага педагогикалык талдоо жүргүзүлгөн. Манастын Манас болушунда кандай тарбия амалдарын колдонушкан жана эмгекке, мекенчилдикке, патриоттуулукка кантип таптталгандыгы тууралуу сөз болот. «Манас» эпосунан бала жана анын тарбиясы жөнүндөгү суроолорго жооп табуу менен эпостун чыныгы этнопедагогикалык казына экендигин көрсөтүү болуп эсептелет. Манастын мүнөзүнөн келечектеги муундарды мекенчилдикке тарбиялоодо тарбиялоонун сырларын ачып берүү менен, «Манастын» педагогикасын бүгүнкү тарбиячыларга маанилүү сабак экендигин ачып көрсөтүү. Улуу «Манас» эпосунун элдик педагогикасы – бул көөнөрбөс, өлбөс-өчпөс осуят. Бул осуят бүгүнкү күндө да актуалдуу боюнча кала берет. «Манастагы» элдик тарбиянын эрежелери: баланын жеке өзгөчөлүгүн аңдоо, өздүк бөтөнчөлүгүнө жараша мамиле кылуу, жеке жөндөмүнө жараша эркин канат күүлөшүнө сүрөөн болуу бүгүнкү күндүн да талабы экендигин белгилөө.*

***Негизги сөздөр:** адеп-ахлак, каада салт, ыйман, маданият, тарбия, Мекен, мурас, патриоттуулук, этнопедагогика.*

*В этой статье обсуждаются нравственные идеи в эпосе «Манас», выявлено и проведен педагогический анализ. Мы расскажем о методах воспитания, которые использовались при создании эпоса «Манаса», и о том, как попирали труд и патриотизм. Найти ответы на вопросы о ребенке и его воспитании в эпосе «Манас» – значит показать, что эпос – это настоящее этнопедагогическое сокровище. Раскрывая секреты патриотического воспитания будущих поколений в характере Манаса и показать, что педагогика «Манаса» – важный урок для сегодняшних педагогов. Народная педагогика великого эпоса «Манас» – заповедь неизгладимая, бессмертная. Эта заповедь актуальна и сегодня. Правила народного образования в «Манасе»: понимание личности ребенка, важно отметить, что сегодняшнее требование – быть уникальным, иметь возможность свободно передвигаться в соответствии со своими личными способностями.*

***Ключевые слова:** мораль, традиции, нравственность, культура, воспитание, Родина, наследие, патриотизм, этнопедагогика.*

*This article discusses moral ideas in the epic «Manas» identified and conducted a pedagogical analysis. We will tell you about the methods of education that were used to create «Manas», and how they trampled on labor and patriotism. Finding answers to questions about the child and his upbringing in the epic «Manas» means to show that the epic is a real ethnopedagogical treasure. Revealing the secrets of patriotic education of future generations in the character of Manas and show that the pedagogy of «Manas» is an important lesson for today's teachers. The folk pedagogy of the great epic «Manas» is an indelible, immortal commandment. This commandment is still valid today. The rules of public education in «Manas»: understanding the personality of the child, it is important to note that today's requirement is to be unique, to be able to move freely in accordance with your personal abilities.*

***Key words:** morality, traditions, morality, culture, upbringing, homeland, heritage, patriotism, ethnopedagogy.*

«Манас» эпосу – кыргыз элинин энциклопедиясы. «Манас» эпосун өтө байыркынын жаңырыгы, жакынкы мезгилдердин элеси деп кароого болот.

«Манас» бизге эмнеси менен, кандай асыл заты менен баалуу? Бул суроого залкар жазуучу Ч.Айтматовдун сөзү менен айтканда «... эпостун эң негизги идеясы, анын бүткүл «кан тамырын» аралап өткөн идея адамзаттын жаралышынан бери адамды аздырып-тоздуруп, кубантып-сүйүнтүп, издентип, улам алдыңкы максаттарга умтулуп, адам чаалыгып, чарчап баратканда ага канат байлап, күч берип, дем берип келген өлбөс, карыбас идея. Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү, эң негизгиси бир идеяны баштан аяк улап, өөрчүтүп-өнүктүрүп отурат, ал эркиндик идеясын, көз каранды эместитиктин идечсы. «Манас» эпосунун өлбөс-өчпөстүгү, түбөлүктүүлүгү, баа жеткис маданий эстеликтердин катарынан орун алышы да дал ушул идеялык-эстетикалык касиетине байланыштуу».

Замандан заман өтүп, жер үстүндө кыргыз тили жашап тургуча «Манас» биздин улуттук туу чокубуз катарында тура бермекчи.

Заманбап билим берүүнүн көйгөйлөрүн көптөгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында жалпы кабыл алынган төмөнкүдөй үлгү аныкталды: Тарыхый эс тутум болбосо - салт жок, салтсыз - маданият жок, маданиятсыз – тарбия жок, тарбиясыз - руханият жок, руханиятсыз – инсан жок, инсансыз - эл жок [4, 2-б.].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Педагогиканын илим катары толуктугу тарыхый узак мөзгил ичинде эл тарабынан түзүлгөн педагогикалык мурасты изилдебей туруп айтуу ойго келбейт. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды этномаданий идеалдар менен айкалыштырууну камсыз кылат жеке адамда өз элине таандык болуу сезимин, иштөөгө болгон каалоону тарбиялоо анын гүлдөп өсүшү жана бактысы үчүн, этностун ой жүгүртүүсүнүн педагогикасы, элдик педагогиканын жетишкендиктерин максималдуу пайдалануу, ошондуктан балдар «өз мекенинде чоочун» болуп калуусун алдын алуу.

Г.Н. Волковдун оюу боюнча: «Эпостун көрүнүктүү педагогикалык мүнөзү бар. «Манас» эпосунун ар бир строфасы элдин ушундай моралдык-этикалык идеяларын көтөрүп жүрөт: эмгек, үй-бүлөдөгү ынтымак, мекенчилдик, адамдардын ортосундагы гумандуу мамиле катары, аялдарга болгон урмат-сый, карыларга сый мамиле көрсөтүү жана улуттук каада-салттардын сакчылары, балдарга кам көрүү, чынчылдык, тектүүлүк, кайраттуулук [3, 74-б.]. Муну менен катар, эпос жаркыраган элдик тубаса жаратылыштын сулуулугун, улуттун сулуулугун даңазалаган эстетикалык идеалдар кийим-кече, аскер курал-жарактары, ат жабдыктары, күрөштүн жана жеңиштердин сулуулугу, эстетикалык байлык, көптөгөн улуттук майрамдар жана албетте, адамдардын ортосунда мамилелердин сулуулугун даңазалайт.

Түрк тилдүү элдерде бала деген баарынан маанилүү социалдык-нравалык категория болуп эсептелет. Өзүнөн кийин калуучу бала жөн гана «дене бала» эмес, биринчи иретте, атанын асыл нарктарын, салттарын татыктуу уланткан руханий бала болууга тийиш. «Туяктын» маңызы – рухта, адеп-ыйманда, маданиятта. «Манаста» перзент аттуу «биологиялык жан» эл-жер, мекен, салт, мамлекет, рух деген чоң түшүнүктөр менен жуурулушуп каралат. «Перзент энеден туулат, эл үчүн белин буунат». Эпосто «туяк», «бала» жөнүндөгү философиясы анын ушул элдик акылмандыктын нугунда турат.

«Манас» эпосунун башында Алтайдагы сан жылкылуу бай Жакып моминтип арман кылып олтурат:

Тукуму жок өтөм деп,  
Туяксыз кандай кетем деп,  
Жалгыз куу башым бар,  
Датым кимге жетем деп,  
Күндө-түндө тыным жок  
Дүнүйө жыйдым эпеңдеп,  
Ажал жетсе бир күнү  
Акыретке кетем деп,  
Артымда туяк болбосо,  
Артык дөөлөт нетем деп [3, 16-б.].

Жакып байдын арманын сүрөттөгөн жогорку саптарда дегеле бала жөнүндөгү өзүнчө бир философия жатат. Бул бир гана адамдын арманы болгону менен, ал аркылуу бүтүндөй доордун, жамааттын көзкарашын чагылдырылып отурат.

Айланасындагылардын кемсинтип, кыйшык көз менен карашын «Манастагы» Жакып да сезип-туюп, ичинен түтөйт.

Ал: «Куубаш Жакып атандым.  
Карыды Жакып куубаш» – деп,  
Калктын баары меня айтат,  
«Катыны журет туубас» – деп.  
Ботосу жоктон майышып,  
Боздоп турдум кайышып» – деп жубайы Чыйырдыга бекеринен апрылып турган жок.

Улуу табият – бул жарыкчылыкта адам баласына биологиялык жактан өзүнө окшогон жанды өндүрүү, тукум улоо касиетин тартуулаган экен. Мындай шыбагадан, касиеттен кур калган инсан түрк элдеринин кабылдоосунда эң бактысыз жан эсептелет. Ал жалбыраксыз, мөмөсүз кууракан даракка тете. Экинчи жагынан абай салып карасак, ар качан тынымсыз кагылыш-кармаштар, согуштар журуп турган жоокердик замандарда үй-бүлөдө эркек баланын төрөлүшү бул – зор кубаныч, чоң жакшылык. Ал үй-бүлөнүн тиреги жана ошондой эле, жамааттын коопсуздугунун сакчылыгында тура турган жоокер, арка-бел болчу эрен, журтту калкалоочулардын катарыяа келип кошулуучу чоро. Ал эми мындай коргоочуну, калкалоочуу чорону жаратып, жамаатка бербеген ургаачы менен эркек коомдо опосу жок, омуру кунарсыз, жашоосу жайдак, беделсиз бейтаалайлар катары санала келген. Кыргыз ичинде да төмөнкү макалдарда, таасын айтылган накыл кеп, учкул сөздөр тээ байыртан бери карай жашап келет: «Уул жаманы - уйгак менен тең», «Кишиден кийин, иттен илгери», «Жаман уул жакшы атанын наамын булгайт», «Уулуң жаман болсо өмүрүң кыскарат», «Жаман уулдун барынан жогу», «Баланын жогу да балээ, бары да балээ» ж.б.

Туура, ата бала тилейт, балага муктаж, балага зар. Бирок анын тилегени жогоруда айтылгандай жөнөкөй гана биологиялык жан эмес, жөн гана тукум улоочу эмес. Биринчи иретте, бала атанын руханиятынын уландысы болушу керек. Перзент тилеген ата ошол тилегине перзенттин жаркын келечеги, анын болочокто ким болору, кандай жан болору жөнүндөгү үмүтүн, таттуу кыялын кошо чегерет. «Туяктын» төрөлгөнү, албетте, кучак жеткис кубаныч. Бирок анын туулганынан да турары баарынан маанилүү.

Ак таңдай акын Жеңижок бир ырында «уулуң жаман болгон соң, уулум бар деп санабай, жата бер жалгыз жайыңда» деп жыйынтык чыгарып турат. Бул

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жерде кызыгы, ушул бутумду «О дүйнө көздөй жол тартсам, ордумду басар уулум жок» деп арман кылып ырдап, бул дүйнөдөн тукумсуз өтүп бараткан Жеңижоктун өзү айтып отурат. Жаман уулуң болгончо жалгыздыгың дурус, баланын жогу да балээ, жетесиз чыкса бары дагы балээ, - дейт. Демек, Жеңижоктун оюу боюнча уулдун дүйнөгө келүү миссиясы жөнөкөй эмес, бийик, жогору. Ал «дагы айталы, «дене бала» гана эмес, биринчи иретте, атанын асылнарктарын, салттарын татыктуу уланткан руханий бала болууга тийиш. «Туяктын» маңызы – рухта, адеп-ыйманда, маданиятта.

Баланын төрөлүү миссиясы жөнүндөгү Жеңижоктун философиясы байыркы Орхон-Энесай жазууларынын адептик-патриоттук даанышмандыгы менен үндөшүп турат.

Эне, уул баланы жөн эле «ыңаалатып», жарык дуйнеге төрөп коюш үчүн он ай көтөрүп, омурткасы сыздабайт, эркек баланы эне бир үй-бүлөгө гана эмес, жамы тууган элине, калайык-журтуна зерен берет, уул элдин перзенти, жамааттын табылгасы, ал омурткасы сыздап, он ай көтөргөн энесинин акысына, ак сүтүнө, агасынын багып-тиккен мээнетине элдин уулу болуп, калайык-калкынын керегине жараган атуулдук-азаматтык кызматы аркылуу гана татыктуу боло алат деген идея чөгүп жатат. Мындан улам «элиме мени тууп берген эле энем», «уул туулдум» деген сөздөр бекеринен ташка чегилип жазылбагандыгын түшүнсөк болот. Уул туулуу, демек, эл үчүн туулуу, элге кызмат кылуу, элге кызмат кылуу-энеге, атага кызмат кылуу дегендикке жатат. Ушул духта Жусуп Баласагындын «Куттуу билиминде» да мындай накыл бар: «Эл ичинде бир макал бардыгы ырас, уулуна – ата абийири, ысмы мурас». Демек, кыргыз-түрк жамаатында уул зуулунун өзү же атанып бийик иштерге болгон наказы катары түшүнүлгөн. Журттун кызыкчылыгына багыттанган жамаатчыл ойлом кыргыз баласынын кан-жанына ушунчалык сиңген, атүгүл бешик терметип жаткан эне дагы перзентке моминтип ырдап турат:

Алдей-алдей ак бөпөм,
Ата-салтын уланткын,
Ардактап элиң кубанткын,
Баатыр болгун , эр болгун,
Кабылан болгун, шер болгун.

Дал ушундай «туякка» кеңири караган элдик философия Жакыптын да аң-сезимине, кан-жанына астыртан сиңген. Ошондуктан баланын кайгысы жөнүндө ойлонуп жатып, ал аны менен кошо элдин көйгөйү тууралуу да тогуз толгонуп турат.

«Манасыбыздын» улут жашоосу үчүн фундаменталдык мунөзге ээ мекенчил, жамаатчыл, ыймандуу бала, тукум-туяк туурасындагы философиясын биз кайрадан кабыл алып, Манас атасындай «эл үчүн белин буунган» мекенчил патриотту калыптандыруу мүдөөсүн үй-бүлөдөн тарта коомдук мекемеге чейин бекем тутунуп, таалим-тарбия ишин системалуу жүргүзүүнү колго алуу бүгүнкү күндө аба менен суудай зарыл.

Ошол ата баласы гана эмес, эл баласы боло турган баланы жамаатчыл, элчил, мекенчил кылып кандай усул-амалдар менен тарбиялоо, калыптандыруу керек? Мындай педагогикалык мүдөөгө кандай жолдор менен жетишүүгө болот? «Манастан» буга айкын-ачык жооп табылабы? Эмесе, кийинки сөздөр ушул педагогикалык маселелер жөнүндө болмокчу.

Манастын бала катары өзгөчөлүгү – бул анын ашкере тентектиги. Анын тентектиги эпосто мындай сүрөттөлөт:

Балдарды көрсө жыйыптыр,
Мазарды көрсө кыйыптыр,
Бай Жакыптын бул уулу
Бир балакет кылат деп
Калайык ушак кылыптыр [3,90-б.].

Акбалта баланы жазалап жабыркатып жинкинин кууратуудан коргоп, «эркек бала шок болсун, мал багар уул болгончо бар болгончо жок болсун», деп Жакыпка насыятын айтып, уулунун тентектигине сабырдуу кароого, өсүп бара жаткан чүрпөнү өксүтө турган катаалдыкка баруудан сак болууга чакырып, туягынын келечегине кең акыл менен кароого үндөйт.

Чыйырды эне баласы Манаска өзүнүн мээримин төгүп:

Сөзү таттуу балдайым,
Сөөлөтү сонун айдайым,
Эрик үчүн, эл үчүн,
Ылаачындай талбагын,
Көк жал Манас сени мен,
Күрөш үчүн атадым [1, 23-б.] - деп отурганы

жөн жерден чыгып жаткан жок. Чыйырды эненин тарбиячыл мүдөөсү – уулун калк үчүн, эл үчүн өстүрүү болгон.

Баланын жеке өзгөчөлүгүн аңдап билүү, анын өздүгүнө жараша мамиле кылуу, жеке жөндөмүнө жараша эркин канат күүлөшүнө сүрөөнчү болуу билгичтиги «Манас» эпосундагы адеп ахлактын, ата бабалардын тарбиясынын нарктуулугунда болгон.

«Манас» эпосунун педагогикасы – бул балада тарыхый эс-тутумду тарбиялоо аркылуу улутту сактоонун педагогикасы. Саны аз калктарды жок кылууга жөндөмдүү бүгүнкү глобалдашуунун агрессивдүү чабуулдарынын шарттарында бабалардын бала

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тарбиялоо даанышмандыгын эске түйүү жана пайдалануу жаш муундарыбызда улуттук баалулуктарды, этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болуп кала берет.

Мамлекеттик идеялогия болгон Манастын 7 осуятында да айкөлдүк, кечиримдүүлүк, патриоттуулук, тарбия, адеп-ахлак идеялары таамай көрсөтүлгөн.

1. Гумандуулук, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;
2. Эл журттун ажырагыс биримдиги жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;
3. Кыргыз мамлекетин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо;
4. Улуттук ар намыс жана атуулдук ариет;
5. Табигат менен таттуу мамиледе болуу;
6. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр жана билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу;
7. Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык

Ошондой эле бала Манастын жетилишинде эмгек тарбиясынын ролун баса белгилөөгө болот.

*Биринчиден*, баланы адам катары калыптандыруунун атуул катары жетилтүүнүн куралы;

*Экинчиден*, эмгек жөнүндө куру насаат айтуу менен чектелбестен, баланы жашынан өз алдынча жумуш жасоого үйрөтүү, баланы эмгек мектебинен өткөрүү;

Манастын аскердик-жоокердик өнөргө тапталышы:

Эрендикти эби жок, Эби жок баатыр болсун, - деп
Тилегенин көрдүңбү! Сүрөгөнүн көрдүңбү!
Качырып жоого киргенде, Ары-бери которуп,
Бири айнып калбаска, Бүлөгөнүн көрдүңбү!
Бүлөгөнүн көрдүңбү! [3,4]

Бул саптардан бала Манас болочоктогу боштондук үчүн күрөшүнө чейин эле, жоокердик-аскердик өнөр чеберчилигине үйрөтүлүп, андан ары да бул ишке машыгып жүрүп отургандыгын байкоого болот.

Элибиздин өткөн тарыхын ыр менен чагылдырган улуу эпосубузда бала Манастын мекенчилдиктин, антиманкурттук рухтун нугунда социалдашуусу, атайын максатка багытталган таалим-тарбиянын натыйжасы болуп чыкты. Азыркы европалашып кеткен бүгүнкү кыргыз жеткинчектери кыргыз элинин эркиндиги, бактысы үчүн кылымдар бою күрөшүп келген Манас баштаган баатыр ата-бабаларынын, маселен, Бакайдын, Кошойдун, Сыргактын,Кыз Сайкалдын, Жаңыл Мырзанын, тайлак баатырдын, Курманжан датканын, Жусуп Абдрахмановдун, көкүрөгүн Чолпонбай баатырдын, Исхак Раззаковдун ж.б. Ата журтубуздун сандаган чыгаан уул-кыздарынын атуулдук-патриоттук каармандыгын билбесе, өз калкынын тарыхына чоочун болсо, ага кан жаны, жан дүйнөсү жуурулушпаса, албетте, бүгүнкү чет элдик модалардын кулу болушу күмөнсүз [5;6].

Санарип заманындагы даяр маалыматтардын кулу болгон жаштарга, Манас атанын күндүр-түндүр тынбаган жекече акыл-ой мээнети менен өзүн инсан кылып жараткан өрнөгү табылгыс таалим болор эле. Дене бойдогу алп күч-кубаттын гана ээси эмес, акыл мээнетинин да баатыры – Манастын образын бүгүнкү тарбиянын, адеп-ахлактын таянычы катары таанышыбыз абзел [7].

Бүгүнкү тарбиянын талап муктаждыктарына таянсак, «Манастагы» түркүн өнөрлөргө үйрөтүү искусствосу азыркы балдарды заманбап кесиптерге жана спортко, Ата Журттун коргоочусу болууга багыттап тарбиялоо дегендикке жатат.

Баланы мээрим менен тарбиялоо – кыргыздын элдик педагогикасынын улуу касиети.

Улуу «Манас» эпосунун элдик педагогикасы – бул көөнөрбөс,өлбөс-өчпөс осуят. Бул осуяттар бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой келет. Азыркы ала-тоолук ар бир ата-эне, ар бир тарбиячы – мугалим, ар бир жаран «Манастын» жогоруда белгиленген тарбия таалиминин нускаларынан сабак алып, өзүнүн тарбиялык ишинде бул осуяттарды жетекчиликке алып, чыгармачылык менен пайдалануусу абзел.

**Адабияттар:**


1. Байгазиев С. «Манас» эпосунун педагогикасы. - Б., 2021.
2. Манас I китеп. С. Каралаевдин варианты.
3. Манас I китеп. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. Манас энциклопедиясы. - Бишкек, 2015.
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы. «Манас» жана манасчылар. Фольклористика 2 том. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. - Бишкек, 2002
5. Байгазиев С. Манас, Бакай, Кошой Ата журтка жеңиш жана бакыт алып келген жарандык улуу биримдиктин символу. Бишкек, 2019.
6. Абдыкеримова М.А., Токсомбаева Э.Т., Кадырбекова Р.Т. Жалпы педагогика. - Бишкек, 2013.
2. Мадумарова М.К., Куйчиев А.С. Жогорку окуу жайларда предметтерди интеграцялап окутуунун айрым моделдери. Известия ВУЗов Кыгызстана 2019, №10.
3. Омуралиева Ж.О. Мифологические мотивы при рождении Манаса (по варианту Молдобасана Мусулманкулова). Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №.9. С. 186-189.